*Мухаммед Исмаил Каюмогли,*
*БГУ*

# БИЙИК ТООДО – ЭРКИН КАЛК

Бийиктиги 4000–7000 метрге чейин жеткен Улуу Памир тоо, Манас эпосунда эзелтен кыргыздардын жери болгондугун үйрөнүп, "Кыргыз ат изин салбаган жер барбы?" суроого жооп болсо – албетте, эгемендүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гербиндеги канаттары жайылган шумкардын сүрөтү жана Ала-Тоонун аскалуу бийик кырка тоолору сыяктуу кыргыз элинин жаратылышындагы эркиндигин баян дейт.

**I. Памир тоонун географиялык өзгөчөлүгү:** (байыркы памир тилдеринде «па-имихр» - күндүн этеги) – Орто Азиянын туштүгүндөгү бийик тоо системасы. Негизинен Тажикстандагы Тоолуу Бадакшан автономия облусунун аймагында, чыгыш жана туштүк бөлүктөрү Кытай менен Афганстанда, түндүгү Кыргызстанда. Памир, Борбордук Азиянын ири тоо системаларынын (Гиндукуш, Кара-Корум, Кунлунь жана Тенир-Тоо) арасынан орун алып, түндүгүнөн Чоң Алай, чыгышынан Сарыкол кырка тоолору, туштүгүнөн Зор-Көл көлү, Памир дарыясы, Панж дарыясынын жогорку агымы, батышынан Панж өрөөнүнүн меридиан багытында жаткан бөлүгү, түндүк-батышынан Пётр Биринчи жана Дарваз кырка тоолорунун бир бөлүгү менен

чектелет.[1] Бийиктиги 4000 метрден 7000 метрге чейин жеткен бул улуу тоолордун арасында байыртан кыргыздардан башка эл жашап келгени белгисиз? Манас эпосу боюнча бул аймактын баары эзелтен Кыргыздын жери болгон.[2]

XIX кылымдын башындан баштап борбордук Азия үчүн, улуу жабыларын ортосундагы гео-саясий көрөш башталган. Бул гео-саясий күрөш XIX кылымдын аягына чейин да борбордук Азияда Орус империясы менен Британия империясынын канадалык чек арасына жакын келгенде ушул памир маселесинин келип чыгышына себеп болгон.[3]

1891-жылы Памир тоонун жогорусунда жаш Англия изилдөөчү Франсис Яунасбан (Francis Younghusband), куу душманы Орусия аскери полковник **Ионов** менен жоолугуп калды. Экөө тең бул стратегиялык жактан өтө маанилүү болгон жерде изилдөө жүргүзүүдө болчу. Орус аскери **Ионов**'дун чоң максаты бар болгонун сезген Франсис Яунасбан, "Орустардын оогуздарынын чоң ачкандыктары" жонундо айтканда, **Ионов**дун жообу ушундай болгон: "бул башы эле." Орто Азияны да басып алышаарын билдирди,[4] Англия жана Орусиянын "Чоң оюну" Памир тоолорунда дагы өткөрүлгөн.

Улуу Британия, Кытай империясы жана Орус империясы 1896-жылы Сары-Кол Памир территориясын Зор-Көл көлүнөн, Ак-Суу суусунун башына чейин Афганистан, Ак-Суу, Токтомуш Маркан-Судан Эркештамга чейин, ар жагы Кытай империясына, калган Памир азыркы Мургаб району Орусия империясына бөлүнгөн. Ошентип кыргыз эли аргасыз үчкө бөлүнүп калышкан.[5]

**II. Памирлик кыргыздардын тарыхы:** Кыргыз ат изин салбаган жер барбы? Деген суроого жооп болсо, эгемендүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гербиндеги канаттары жайылган шумкардын сүрөтү - өлкөнүн эркиндигинин символу жана Ала-Тоонун аскалуу бийик кырка тоолору[6] сыяктуу кыргыз элинин жаратылышындагы эркиндигин баяндайт.

Франсиялык көрүнүктү окумуштуу Реми Дор Париждеги түркологиялык изилдөөлөр институтунун директору, филология, этнография илимдеринин доктору Афгандык кыргыздардын тили жана оозеки чыгармачылыгын ар тараптан изилдөөгө арналган илим адамын өз китебинде шунтеп жазат: Энисейдеги кыргыздар XVII кылымга чкйин катар катары менен монголдордун, орустардын жана калмактардын басгынчылыгынын алдында болушуп, алардын ошол кези тууралу тарыхый маалыматтар азыноолак сактлып калган. Бирок 1703-жылы кыргыздардын улам-улам кол сала беришинен чыдамы кеткен калмактар орус бийлиги менен макулдашып, кыргыздарды Жети-Сууну көздөй сүрүп көчүргөн. Жети-Сууда байыртан эле жашаган кыргыздар өздөрүн кубаттуу эл экендигин тарыхый майданда далай ирет далилдешкен. Тарыхы-й-Рашидин Моголстандагы XVII кылымда улам жалбыраттап чыгып турган көтөрүлүштөрдүн баарынын тең башында так ошол жергиликтүү кыргыздар тургандыгын баса белгилей кеткен. Көчмөн элдердин орун которуп, ар дайым көчүп-конуп жүрүүсүнөн улам, сөзсүз эле ушул так Памирде отурукташкан эл деп айтууга болбойбу?

Афган памириндеги кыргыздардын келип чыгышы жана отурукташып калышын, XIX кылымдагы саякатчылардын кабарларын жана Реми РОДун чогулткан маалыматтарындан пайдаланып төмөнкүндөй божомолго келинген. Афган памириндеги негизги элдин бөлүгү Тейит жана Кесектен турган эки урууга тыгыз байланышта болуп, камыр-жумур, эриш аркак жашап келишкен. XIX кылымдын башында тейит уруусу Алай аймагында жайгашса, кесек уруусу Картегинде отуруктушкан. Бул уруулардын Памирде, жазгы жана күзгү көчүп-конуулары, кийин XVIII кылымда биротоло адатка айланган.[7]

Афган Памиринде төрт уруусунан турган эл бар деп эсептешет: **тейиттер**, **кесектер**, **наймандар** менен **кыпчактар**. Бул уруулардын ичинен алардын баарына "хан тукуму" катары сары тейит бийлик кылат. Азыркы учурда алардын айрым бөлүктөрү Афган Памиринде, айрым бөлүгү Туркиянын Ван айылында жашап жатышат.[8]

XIX кылымдын башында тейит топтору андан ары чыгышты карай жылып, Сангу аймагынан орун ээлешет. Кесек уруусу Памирге бир топ кечирээк көчүп келишет. 1834-жылы Кокан ханы Мухаммед Алинин Каратегинди басып алышы бийликке баш ийүүдөн обочолонуп, өз эркидигин сактап калыш үчүн кесек элинин көчүп кетүүсүнө түрктү болгон. XIX кылымдын ичинде Памирди Кокан хандыгы менен Кашгар беги жана Вахан эмири өз ара бөлүшүп алышат. Вахандыктар Кабул эмирине баш ийгенден кийин, бийлик чыгышта Чоң жана Кичи Памирге чийин жетип турган. Кээ бир жергиликтүү Кыргыздардын Памирде XIX жылымдын биринчи жарымынан тартып ушул жерге биротоло отурукташып калышы да мүмкүн.[9]

А чынында, памир илгерттен кыргыздардын жери болгондугу "Манас" эпосунда төмөнкүндөй деп айтылып турат:

***Балык менен Бадахшан***
***Башынан кыргыз жеридир***[10]

Кыргыздар илгертеден бери Бадахшан областынын Памир тоолорунда жашап келишкендиктери Манас эпосунда баяндалып келет. Манаста Бадахшан аттуу сөз – топоним болуп эсептелет. Географиялык реалияда азыркы Тажикстандын жана Афганстандын тоолуу аймагы[11] деп жазылган.

13–16- кылымдарда, Афган Памириндеги кыргыздарды бийлеген "Бозой хан" деген хан болот. Памирде мурун "кыргыздардан башка да эл жашаганы" тууралуу маалымат жок. Ушул күнгө чейин тоо, талаа, суулардын аталыштары бүт кыргызча. Тажикче жана дариче аталыштар кийинки мезгилдерге таандык. Кичи Памирдин "Занкун" деген жеринде атчан адамдардын жаа менен топоздорго ууга чыкканы тартылган. Ал сүрөт таштын бетине түшүрүлгөн. Сыягы, бул сүрөт топоздор колго үйрөтүлө элек мезгилде тартылган окшойт. Сүрөттөгү адамдардын кийимдерине караганда - кыргыздар экени ачык эле көрүнүп турат.[12] Афганистанда Памирлик калк дегенде «Кыргыздар» эске алынат. Афган Памири бүгүн афган кыргыздарынын жашаган негизги жайы болуп саналат. Афганистандын улуттук гимнинде дагы "Памирликтер"[13] деп эскерилет.

Афганистандагы кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү XX кылымга чейин Жуңгар баскынчылыгы, Кокон хандыгы, андан кийинки Орусия империясынын мезгилинде эле Фергана өрөөнүнөн, Бадахшандан Афган Памири аталган аймакка көчүп барышкан. Акыркы болуп көчүп баргандары XX кылымдын ортосунда Рахманкул хан баш болгон кыргыз урууларынан турган бир топ бөлүк болгон. Этникалык кыргыздар Афганистандын Кичи жана Чоң Памиринде отурукташкан. Ал аймактар түндүгүнөн Тажикстан, түштүгүнөн Пакистан, чыгышынан Кытай менен чектешет.[14]

1891-жылы орус бийлиги кыргыз элинин мурда Кокан хандыгынын карамагына киргенин эстерине тушүрүп, аларга өздөрүнүн бийлигин орнотууну талап кылып, Памирге, кыргыздардын баш ийдирүү үчүн отряды менен **полковник Ионовду** баш кылып жиберет. Көп кечикпей эле, ал Мургаб чебин алууга (Памир посту) жана өз бийлигин Памирдин көп бөлүгүнө таратууга үлгүрөт.[15]

1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшүн ырайымсыз түрдө басуунун жаңырыгы памирлик кыргыздарга да жетет, ошол себебтен аларга аргасыздан шашылыш түрдө Кытайга качууга туура келген. Негизинен эл Тагарма, Сары-Көл өрөөнү жана Кашгар аймагына үрккөн. Кийинчерээк алардын кээ бирлери СССРге кайрылып келген.[16]

Орустардын 1892-жылы Кыргызстанга келиши кыргыздардын Афганистандагы Памир тоого жашап турган кыргызга көчүп кошулушуна себеп болду. Орус императорунун 1916-жылкы Борбордук Азиядагы элдерди аскерге алуу боюнча жарлыгы, Кызыл армиянын келиши, калкка баш аламандыкты орноткон. Кыргыздардын мурдагыдан да көп бөлүгүн, башка Борбордук Азия өлкөлөрүнүн элдери менен бирге 1917-жылы кыргыздар Афганистанга көчүшүнө себеп болду.[17]

1918-жылы февралда орустар Коконду алып, Кокон автономиясынын ордуна Кеңеш өкмөтүнүн бийлигин орноду деп жарыялаганда, Рахманкул болгону беш жашта болгон. Ал Орто Азияда, айрыкча Фергана өрөөнүндө болгон окуяларды көзү менен көрүп, кулагы менен угуп чоңойгон. Германиялык “Дас Весте” журналы ошол кезди мындай сүрөттөп жазган экен: “Шаардагы бардык мусулмандар эркек - аял, бала - бакыра, кемпир - чал дебей кылычтын мизине, мылтыктын огуна алынды. Он миңдей адам кызылдардын колунан кырылды. Андан соң үч миң адам жашаган Маргаланды кызыл жаян кылып, Памир тоолорунунан саал түндүгүрөк жайгашкан мөмө-жемиштүү, берекелүү Ферганaны кыйратып, бир да тирүү жан койбой, а түгүл уруп чыгар ит калтырбай жок кылышкан”.[18]

Бирок 1916-жылдагы кыргыз качкындарын унута элек кытайлар сарыколдуктарды өз аймагынан тез аранын ичинде чыгып кетүүнү талап кылып, акырында кыргыз качкындары айласыз Афганистандын ак кар, көк муздуу тоо кыркаларына бет алган. Ошентип нечендеген азап-тозокторду, өлүм-житимдерди баштан кечирип, заматта өз эл, өз жеринен четке сүрүлгөн, эзели адам жашабаган Афган тоолорун пааналаганга мажбур болгон качкын кыргыздар бир жылдык же он жылдык эмес, дээрлик алтымыш жылга созулган көчмөн турмушка, бозгун тагдырга туш келген.

Афганистанга ооп келгенге жарым кылымдан ашканда сарыколдук кыргыздар дагы да жер которгонго, качканга аргасыз болгон. Себеби 1979-жылы Советтер Союзунун куралдуу күчтөрү Афганистанга басып кирип, Кабулда жаңы коммунисттик режим бийликке келген. Совет бийлигинен эртелеп жүрөгү калган памирлик кыргыздар дагы качууга аргасыз болуп, бул жолу түштүктү көздөй, башкача айтканда Пакистанга жол тарткан.

Ошентип мал-жанын Пакистанда сатып бүтүрүп, баягыдай топоз менен, же болбосо жөө жалаңдап эмес, “Боинг” учактарына отурган алайлык кыргыздар 1982-жылы Адана шаарына келип түшүп, андан соң Ван көлүнүн тегерегине биротоло отурукташкан. Эми ушул азапка туулган кыргыздардын башында ким болгон, аларды артынан дээрлик алтымыш жыл ээрчитип, эки мамлекетти артына калтырып, акыры Түркияга алып келген ким эле деген суроо туулат. Жооп: адеп Памирден жер которуп, Кытайга, Кытайдан соң Афган Памирине баштап келген Жапаркул миңбашы, Сартпай хан, Токтосун байбача жана башкалар болгон. Андан соң дээрлик 40 жыл кыргыздарга баш-көз болуп, Афганистандын жетекчилери менен жакшы тил таап, Кабулдагы бийлик менен абдан жакшы байланыш орноткон, андан соң Афганстандан жер которуп, калкты Пакистанга, андан соң Түркияга баштап келген Рахманкул Хан экенин биле жүрүш керек.

**“Саркол кыргыздары”:** Афган кыргыздары өздөрүн “Сарколдук” же “Саркол кыргыздары” деп аташып, Сары - Кол кыргыз жери экенин баса көрсөтүп келишет. Алар туралуу маалыматтар ар кандай. Бирок, алардын арасында “кыргыз кайдан келгени” же “качан пайда болуп, кимден тараганы” тууралу маалыматтар бүдөмүк.

А чынында, бир эле Сары - Кол эле эмес, азыр Памир атын алып турган Улуу Тоонун айлана - тегереги илгертен эле Кыргыз жери болгону “Манас” эпосунда:

***Бадахшан менен Балыкты***
***Башынан кутуп башкардым***[19] - деп айтылып турат.

Бадахшан тууралуу памирлик кыргыздар акындарынын ырларынан үзүндү:

***Бадахшан байлык мекеним,***
***Билемин кымбат экениң.***
***Дүйнөгө даңкың таралып,***
***Дүркүрөп турган кезегиң.***[20]

Чыккан чөп менен аккан суудан башкага залалы жок, бирөөгө кылайып кара санабаган, момун, ишенчээк кыргыз элинин бир ууч бөлүгү “сары колдуктар” деген ат менен Памир тоосунун Афганистан жак чегинде жашап келишет”.[21]

Памирлик кыргыздар Сары–Кол аттуу уруудан келип чыгышаары “Манас” эпосунда баяндалып келет. Ошондой эле Сары-Кол деген сөз нечендеген памирлик акындардын ырларынын биринде, тагыраак айтканда, Эшполот Өсөров сыяктуу памирлик акындын “Памир кайрыктары” аттуу китебинде мындай деп жазылат:

***Сары-Кол элим санатым***
***Сагынсам учар канатым.***
***Картайган кезде көзүмө***
***Алыстап кетип барасың.***[22]

1930 - жылга чейин памирлик кыргыздар азыркы учурда Афган, Тажикстан жана Кытай мамлекеттерине бөлүнүп калган территорияларда ээн - эркин журт которуп, көчүп - көнүп, жашап жүрүшкөн. 1930 - жылдан кийин большевик орустар чек араны тосуп, ар кандай шылтоолор менен кыргыздын аттуу- баштуу адамдарын куугунтуктап, атып өлтүрүп башташты. Ушул кезге чейин ээн - эркин жашашкан кыргыздар, көк тиреген тоолорду аралап, бир Кытайга, бир Афганистанга өтө качып, анан кайра азыркы Тажикстанга карап калган Нургап өрөөнүнө айланып келип, жаңы системанын жана орус империясынын орус эмес элдерге жүргүзгөн шовинисттик саясатынын курмандыгы болуп, Совет бийлигинин бир топ азабын тартышты. Көп адам бейкүнөө өлтүрүлгөн.

1950 - жылы Кытай дагы өзүнө бөлүнгөн чекараны бекемдеп, кыргыздардын жолу дагы буулду. Асман алдындагы кыргыздын жери эми үч мамлекетке (СССР, Кытай, Афганистанга) бөлүндү. Афганстанга караган памирлик кыргыздар, 1917 - жылдагы орус революциясынан кийин Улуу Тоодо жашаган Кыргыз элинен бөлүнүп, Афган тарапта калып калды. Бирок чыгаан уулдары бар кыргыздардын турмушу токтоп калган жок, андан ары жашоо дагы улана берди.

Ош, Алай, Баткен, Жалал - Абад, Анжиян, Фергана, Кытай жана ал турсун ушул Памирдин бир көңүлү болгон Нургаптан качкан кыргыздар да ушул Афган Памирине барып баш корголоп жатышты. Ошентип, дуйнө элдери кыйсыпыр тушуп жатканда, ар кайсы жактан качкан кыргыздар көк тиреген Памирдин чокусуна чогулуп, өз айылдарын куруп кириште. Кыргызстанда ушундай топторду жетектеген, өз урууларынын башында тургандар «корбашылар аталып, кармалгандары жазаланды. Кармалбагандары туугандарын алып, Кытайга, Афганистанга, Пакистанга, Туркияга, Аравияга кирип кетишти. Ошондой топтордун башында тургандардын эң ириси бир **дипломат болгон Жапаркул уулу Рахманкул** хан болду.

**Алайчылар:** Кыргыздардын бир бөлүгү Памирде илгертен эле жашап келишкен. Памир - кыргыздардын түпкүлүктүү жери экенин бул аймакка байланыштуу баяндаган уламыштар, айтым сөз, аңыз кептер да тастыктаарын жогоруда айттык. Кийинки жыйналып алынган маалыматтар да негизинен мурункулардан андай деле айырмаланбайт. Кийинки кыргыздар Сары-Колго Алай жергесинен көчүп барышкан. Тагыраак айтканда, 1925 - жылы Алай тараптан 12 үй-бүлө Памирге көчүп барган. Алардын балдары азыр да жашап жатышат. Ошондуктан, илгертен бул жерде жашап келатышкан памирлик кыргыздар аларды "алайчылар" деп коюшат.

**Нургап (Мургоб):** Мургабдын кыргызча айтылышы - "Нургап". Бул жердин Афган (Дари) тилиндеги аталышынын "Мургоб" мааниси - "куш суу" ("мург" - "өрдөк" же "куш", "об" - "суу"). Ал эми кыргыз тилиндеги жер атынын ("Нургап") мааниси - "нурлуу тоо" же "кун тийген тоо" ("нур" - "нур" же "кун", "каф" - "тоо") дегенди билдирет.[23] Ал эми **"Манас" эпосунда дагы "Мургап"** (ир. Мург-куш, ап-суу: куш суу деген мааниде) маани берип, кыргыздардын жашаган жерлери деп аталган. Манас баатыр өзү катылган Шоорук кунды жеңип, анын кызы Акылайды тартууга алганда: "Мургапты көздөй бет алып Каны Шоорук салып-тыр"[24], - деп айтылат. Мургап географиялык реалия катары Памир тоосундагы жердин аты.

Афгандык кыргыздар жалпысынан **"Чоң памирлик"** жана **"Кичи памирлик"** болуп экиге бөлүнүшөт. Экөөндө тең эле байыркы кыргыз урууларынын: **тейит**, **кесек**, **кыпчак**, **найман** ж.б. ошондой эле чоң уруулардын ичинен тараган: кочкор, бука, шайым, алапа, кызылбаш деп аталган уруктардын өкүлдөрү бар. Булар эки хандыкка бөлүнүшүп, Кичи Памирде 1912-жылы туулган, Чоң алайлык кыргыз, Кочкор уруусунан **Жапаркул уулу Рахманкул**, Чоң Памирде жергиликтүү **Акжол хандын уулу Жолой** хан башында турган хандар башкарып турушкан. Сыягы ушул авторго негизделип айтылса керек, Кыргыз тарыхы энциклопедиясынын авторлору да: "Кичи Памирди - Рахманкул хан, Чоң Памирди - Акжол хануулу Жолой башкарган деп жазышкан. Ал эми Реми Дордун маалыматы боюнча, бүткүл Афгандык кыргыздарды бир гана Ажы Сахиб Рахманкул хан бийлеген. Белгилүү публицист К. Сыдыкова да өзүнүн "Чачылган кыргыздар" деген китебинде Афгандык кыргыздардын жашаган жери тууралу минтип тактайт: "Афгандык кыргыздар Памирде жашашкан кыргыздардын бир бөлүгү - алар азыр Афганистандын түндүк тарабындагы Кичи Памир жана Чоң Памир деп аталган аймакта жашашат".[25]

Жыйынтыктап айтканда Памир калкы өзүнүн географиялык жайгашуусуна байланыштуу, ар бир афган сезген согуш деген ачуу сөздүн даамын сезген жок. Бул жерде эч ким эч качан «талибандын» өңүн көргөн эмес жана эч качан америка солдаттарынын буту баскан эмес. Жергиликтүү калкка, бул жерде согушту эмес, жаратылышты, барс сыяктуу сейрек кездешүүчү жаныбарларды коргоону жана сактоону үйрөтөт.[26] Жана Памирдин шартында саякатчы дегениң толук бойдон кыргыздардын ак ниет адамгерчилигине кана көз каранат[27] десек дагы жаңылбайбыз.

Бирок, тарыхтан да, тагдырдан да качып кутулуу эч бир мүмкүн эмес экенин эч кимиси билген жок. Маселен, эч кайда качпай, маңдайга жазган турмушту көрөбүз деп ата конушунан бир кадам жылбаган азыркы алайлык кыргыздар менен Афганистандын Памиринде азыр да жашап жүргөн кыргыздырдын турмушун салыштырып болобу? Албетте, жок. Алтымыш жыл качса, баары бир кайрылып туулган жерге келиш калайт. Памирлик Абдрашид хан өз элин көп ирет Кыргызстанга көчүрүп келгенге аракет кылган. Көптөгөн себептердин натыйжасында бул аракет ишке ашкан эмес. 2013-жылы, "Кыргыз Бутагы" Коомдук Фондунун ишмерлеринин Памир сапарында Абдрашид хан менен жолугуушуда анын Кыргызстан өкмөт жана калкына айткан керези – ***"Бизди унутпагыла"***[28]***,*** деген сөзү болгон.

***Адабияттар***


1. Афганистан Ислам Республикасынын улуттук гимни – 2003-жылы.

2. Абдулметин Кескин, "Кайда жашабайлы жүрөгүбүз дайыма Кыргызстан деп согот", http://kyrgyzkabar.kg/news/11554, 20.11.2014.

3. Байыс Турал, Рахманкул хан жана анын мезгили. – Б., 2013.

4. Дор Реми, Ооган памириндеги кыргыздар: Тарыхый-этнографиялык баян. – Б., 1993.

5. Исабаева Жыпар, // Кыргыз Туусу (Кыргыз Республикасынын улуттук тун гезити), 2014-жылдын 12-декабры - № 95 (23884).

6. Параг Ханна, “Yeni Dunya Duzeni” yeni yukselen gucler 21. Yuzyılda Dunyayı Nasıl Belirliyor?, – Стамбул, 2011.

7. “Манас” энциклопедиясы, II том., “Мурас” илимий-пропагандалык ишкер долбоору. – Б., – 1995.

8. “Манас” энциклопедиясы. “Аалам – Манастын музыкасы”, – Б., – 1995.

9. Өсөров Э., Памир кайрыктары. – Б., - 2014.

10. “Кыргыз Бутагы” Коомдук Фондунун ишмерлеринин памир сапарындагы статистикалык изилдөөсүнүн рапору, 2013-жылы.

11. САРЫ-КОЛ (Востеочный памир) “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы, http://www.sary-kol.ru/stati/etnikalyk-kyrgyzdar/pamir-k-nd-n-etegi.html, 23.10. 2015.

12. Седдик Рахпо Тарзи, “Соогуш деңизинде тынчтык”, http://www.kotiposti.net/msaleha/nai_8/sh_10/p_%206.html, 31.10.2010.

13. Акылбек Атабаев, «Мезгилди карыткан мекендештер», http://www.sary-kol.ru/stati/etnikalyk-kyrgyzdar/mezgildi-karytkan-mekendeshter.html.